УДК.37.026.9.
**DOI:10.58494/esai.24(8).2024.07**

*Алиева Канышай Уларовна,*
*ОшМУ, доцент*
*Капарова Гүлкайыр Сайтилдаевна,*
*ОшМУ, магистрант*

## МЕКТЕПТЕН КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ИШТЕРДИ УЮШТУРУУНУН ЖОЛДОРУ

**Аннотация.** *Мектептеги мугалимдер коллективинин ишмердүүлүктөрүнүн эң негизги бөлүгү - класстан жана мектептен тышкаркы иштерди уюштуруудан турат. Бул иштердин негизги уюштуруучусу болуп класс жетекчи эсептелет. Ар бир мектептен жана класстан тышкаркы уюшулган иш - аракет баланы кандайдыр бир коомдук пайдалуу эмгекке, окууга болгон кызыгуусун арттырууга жана тарбиялоонун бардык составдык бөлүктөрүнө тарбиялоосу керек. Албетте, ар бир пландаштырылган тарбиялык иштер сапаттуулугу менен айырмаланышы керек. Бул жагдайды мектепте мектеп директору жана анын орун басарлары көзөмөлгө алышат. Тарбиялык маани берүүчү класстан жана мектептен тышкаркы иштер болуп төмөнкү иш-чаралар эсептелет: майрамдык кечелер, ар түрдүү багыттагы конкурстар, КВН, мелдештер ж.б. Мына ушул майрамдык кечелер класс жетекчинин чыгармачылыгына таянган формада өтүшү керек.*

**Түйүндүү сөздөр:** *мектеп, класс жетекчи, иш чара, педагогикалык талап, класстан тышкаркы иштер, жаңы ыкмалар, милдет, иш аракет.*

## СПОСОБЫ ОРГАНИЗАЦИИ ВНЕКЛАССНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ В ШКОЛЕ

**Аннотация.** *Основной частью деятельности педагогического коллектива школы является организация классной и внеклассной деятельности. Главным организатором этих мероприятий является классный руководитель. Всякая организованная деятельность вне школы и класса должна воспитывать ребенка к какому-либо общественно полезному труду, повышать его интерес к учебе и всем компонентам воспитания. Разумеется, каждое планируемое образовательное мероприятие должно отличаться качеством. За этой ситуацией следят директор школы и его заместители. Мероприятиями вне класса и школы, имеющими воспитательное значение, являются следующие мероприятия: праздничные вечеринки, конкурсы различных направлений, КВН, конкурсы и т. д. Эти праздничные вечера должны проводиться в форме, основанной на творчестве классного руководителя.*

**Ключевые слова:** *школа, классный руководитель, деятельность, педагогическая потребность, внеклассная деятельность, новые методы, задача, деятельность.*

## WAYS TO ORDANIZE ACTIVITIES OUTSIDE THE CLASSROOM AND SCHOOL

**Annotation.** *The main part of the activities of the team of teachers in the school is the organization of classroom and extracurricular activities. The main organizer of these activities is the class teacher. Every organized activity outside the school and classroom should educate the child in some kind of socially useful work, increase his interest in learning and all the components of education. Of course, each planned educational activity should differ in quality. This situation is monitored by the school principal and his deputies. Activities outside the classroom and school that give educational value are the following events: holiday parties, competitions in various directions, KVN, competitions, etc. These festive parties should be held in a form based on the creativity of the class teacher.*

**Key words:** *school, class teacher, activity, pedagogical requirement, extracurricular activities, new methods, task, activity.*

Мектептеги билим берүү процессинде класстан тышкаркы тарбиялык иштерди уюштуруу, класс жетекчинин класстан тышкаркы иштерди уюштуруудагы милдеттерин аныктоо учурдун зарыл маселелеринен болуп турат. Класстан тышкаркы тарбиялык иштерди уюштурууда класс жетекчисинин милдети чоң. Мектепте класстан тышкаркы тарбиялык иштерди уюштуруунун формаларын, технологияларын, усулдарын иштеп чыгуу, аларды уюштуруу жана сунуштоо тарбия процессин жандандырууга шарт түзөт.

Мектептерде тарбия процесси жүргүзүлүп келе жатса да, коомдогу тарбиялык абалдын начардыгы; жума сайын тарбиялык сааттар өтүлсө да, балдардын тартибинин жоктугу; мектептердеги класстан тышкаркы иштердин максаттуу, ырааттуу өтүлбөгөндүгү жана бул багыттагы методикалык сунуштардын иштелип чыкпагандыгы; класстан тышкаркы иштерди уюштуруунун салттык формасынын колдонулушу; класстан тышкаркы иштерди өткөрүү боюнча мугалимдердин тажрыйбасынын аздыгы ж.б. Мына ушундай карама-каршылыктар жана аларды чечүүнүн зарылдыгы биздин теманын актуалдуулугун шарттады.

Мугалим окутуу жана тарбиялоо ишмердүүлүктөрү аркылуу жогорудагы биз баса белгилеп кеткен көйгөйлүү маселелерди чечүүгө аракет кылып келүүдө. Мектептеги мугалимдер коллективинин ишмердүүлүктөрүнүн эң негизги бөлүгү - класстан жана мектептен тышкаркы иштерди уюштуруудан турат. Бул иштердин негизги уюштуруучусу болуп класс жетекчи эсептелет. Ар бир мектептен жана класстан тышкаркы уюшулган иш-аракет баланы кандайдыр бир коомдук пайдалуу эмгекке, окууга болгон кызыгуусун арттырууга жана тарбиялоонун бардык составдык бөлүктөрүнө тарбиялоосу керек. Албетте, ар бир пландаштырылган тарбиялык иштер сапаттуулугу менен айырмаланышы керек. Бул жагдайды мектепте мектеп директору жана анын орун басарлары көзөмөлгө алышат. Тарбиялык маани берүүчү класстан жана мектептен тышкаркы иштер болуп төмөнкү иш-чаралар эсептелет: майрамдык кечелер, ар түрдүү багыттагы конкурстар, КВН, мелдештер ж.б

Мына ушул майрамдык кечелер класс жетекчинин чыгармачылыгына таянган формада өтүшү керек [1]. Мектептен жана класстан тышкаркы иш-чараларды өткөрүүдө эмнелерди эске алуу керек:

1. Ар бир өткөрүлгөн иш-чара баланын жаш өзгөчөлүгүнө дал келүү менен бирге аны коомдук пайдалуу эмгек менен эли-жерин сүйүп, кызмат кылууга багытташы керек.
2. Өткөрүлгөн ар кандай майрамдык кечелер массалык формада болуу менен бирге баланын бош убакытын туура пайдаланууга үйрөтүүсү керек.
3. Класстан тышкаркы иш-чараларга жалпы класстын, ал эми мектептен тышкаркы иш-чараларга жалпы мектептин окуучулары тартылууга тийиш.
4. Класс жетекчи коомдук өнүгүү менен баланын кызыкчылыгын эстен чыгарбоосу керек.

Жогорудагы талаптарды эске алуу менен бирге мектеп жамааты окуу жылынын башында бир жылдык тарбиялык иш план иштеп чыгат. Анын сапаттуу аткарылышы жана толтурулушу мектеп жетекчилигинин көзөмөлүндө болот. План – класс жетекчинин негизги документи болуп саналат. Пландын бир нече түрлөрү бар: жылдык план, календардык план, тарбиялык план, күндөлүк план. Класс жетекчи тарбиялык пландын негизинде тарбиялык саатты уюштурууда төмөндөгүдөй этаптарга көңүл буруусу керек:

*1-этап.* Тарбиялык планды түзүүдө алгач класстын тарбиялык абалы, анын жаш өзгөчөлүгү, жетишкен жана жетишпеген жактары, өнүгүү өзгөчөлүктөрү эске алынышы керек.

Класстын бардык өсүү деңгээлин эске алуу менен бирге тарбиялык пландын киришүү бөлүгүн түзсөк болот. Башталгыч класста мелдеш түрүндөгү кечелер, жарыштар ар бир окуучуну активдештирет, мына ошондуктан мына ушул багыттагы иш-чаралар көбүрөөк болушу керек.

*2-этап.* Баланы ар тараптан өнүктүрүүчү багыттагы тарбиялык сааттардын иштелмелерин иштеп чыгуу. М: күндөлүк режим (аңгемелешүү), китепканага саякат

(экскурция), адептүү бала кандай болот? (диспут же аүгеме), энелерге арналат (поэзия кечеси).

*3-этап.* Балдардын үй тапшырмасын аткарууга жоопкерчилигин жогорулатуу максатындагы темаларды тандоо. М: үй тапшырмасын кантип даярдаса болот? ( аүгеме), үй тапшырмасын даярдоонун сапаттуу жолун тандоо боюнча мектеп директору менен жолугушуу ж.б.у.с.

*4-этап.* Тарбиялык планды өткөрүүнүн мөөнөтүн, жолдорун иштеп чыгуу.

Башка пландардан тарбиялык пландын айырмасы, бул план окуучулар менен макулдашылат, алдын ала көрсөтмө багыттар берилет. 4- этапта класс жетекчи кайсы теманы кантип, кайсы жерде өтсөм болот деген ойдун үстүндө иштөөсү керек [2].

Окутуу процессинде классты натыйжалуу башкаруу мурда да азыр да курч маселелердин бири. Мектеп окуучуларынын тартипти бузууларынын диапазону бир кыйла кеңири. Алар төмөнкүлөр: окуучулардын сабакта сүйлөшүүсү, сабак учурунда класста басып жүрүү, сабакты калтыруу, мушташуулар, мектеп мүлкүн жана жабдылышын жарактан чыгаруу, мектеп документациясын жок кылуу, сабакка кечигүү, ар кандай нерселерди ыргытуу ( кагаздарды, каттарды) уят сөздөрдү колдонуу. Акыркы жылдары биздин доорго мүнөздүү тартип бузуулардын формалары пайда болду: музыкалык чыгармаларды угуу, сабак учурунда СМС билдирүүлөрдү бири-бирине жөнөтүү, мобилдик телефон аркылуу сүйлөшүү, мобилдик телефонду ойноо, текшерүү иштердин, тесттердин, сынактардын учурунда мобилдик телефонду колдонуу. Мектепте тартип бузуулардын өз себептери бар. Бул себептер мугалимдик көндүмдөрдө, окуучулардын курактык, психологиялык ж.б. мүнөздөмөлөрүндө камтылган. Алардын кээ бирлерин айта кетели:

**Мугалим тараптан:**

- чеберчиликтин жоктугу, начар окутуу.
- кесиптик тажрыйбанын жетишсиздиги (жаш мугалим).

**Окуучулар тараптан:**

- « үйүр» эффектисинин (эффекта стадности) таасири. Өзгөчө өспүрүм куракта белгилүү бир топко кирүүгө, классташтардын кадыр-баркына ээ болууга умтулуу балдарды ар кандай экстраваганттуу тартип бузууларга түртөт. Ар бир бала кандайдыр бир жүрүм-турумдун белгилүү нормалары кабыл алынган топтун басымына карама- каршылык көрсөтө албайт.
- үй - бүлөөдө тарбия берүүнүн кемчиликтери;
- предметке кызыгуунун жоктугу, окуучунун жалкоолугу;

Адатта класс жетекчилер кайсы ыкмаларды жана техникаларды колдонушат?

Көп учурда добуш таасири колдонулат: үндү катуу чыгаруу, кыйкыруу, указка же сызгыч менен партаны уруу, о.э. күндөлүккө эскертүү жазуу, жүрүм-туруму үчүн «2» деген баа коюу, окуучуну класстан чыгаруу. Кээ бир учурларда мугалимдер директордун же анын орун басарларынын жардамына кайрылышат же ата- энелерди мектептке чакырышат. Кээ бир учурларда кол көтөрүүлөр да болушу мүмкүн: мугалимдер тартип бузуучуну кежигеге коюп жиберүүгө же түртүп жиберүүгө жол беришет. Бирок булл негативдүү ыкмалар канчалык натыйжалуу? Бул ыкмалар абдан кыска убакытка гана натыйжа беришет, ал эми көп учурларда таптакыр пайдасыз экенин практика көрсөтүп жатат. Демек, натыйжалуу жана дагы позитивдүү болгон башка ыкмаларды жана техникаларды издеш керек.

Тартипке келтирүүнүн позитивдүү техникалары деген эмне? Алар – тартип менен байланышкан көйгөйлөрдүн алдын алуучу же окуучу менен мугалимдин өздүк баалоосуна жана аброюна зыян келтирбей көйгөйлөрдү чечүүчү классты башкаруунун техникалары жана ыкмалары. Тартип көйгөйүн чечүүдө ар кандай факторлор бар, ал факторлордун бири түздөн-түз класс жетекчинин кесиптик чеберчилигинин өсүшү менен байланышкан [3]. Мугалим - класс жетекчи дайыма баланын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн түшүнүү деңгээлин жогорулатуунун үстүндө иштеши керек.

Башталгыч кластын окуучуларын ар тараптан өнүккөн инсан катары калыптоодо класс жетекчиси негизги ролду ойнойт. Башталгыч класстын окуучуларын турмушка даярдоодо класс жетекчинин класстан тышкаркы иштерди уюштура билүүдөгү эн маанилүү

жана жоопкерчиликтүү милдетин билүү- педагогикалык ишмердүүлүктөгү эн маанилүү маселелердин бири болуп калууда. Бүгүнкү күндө мектеп практикасында кээ бир мугалимдер өз предметин мыкты өздөштүргөнү менен балдарды тарбиялоодо чоркок экендигин моюндарына алган учурлары бар. Ар бир студент мектепке жумушка кабыл алынаарда предмет менен кошо бир классты жетектөөчү класс жетекчилик милдетти да аркалай тургандыгын эске ала барса, ага жетишээрлик билим, ык-жөндөмгө ээ болуп барса деген жакшы сунуштар бар.

Мектеп жамаатынын бардык эле предметчи мугалимдери класс жетекчи боло алышпайт, анткени мектеп администрациясы алгач К.Д.Ушинскийдин "Тарбиячы адам алгач өзү тарбияланган болушу керек" – деген накыл кебине таянып, биринчи кезекте өзүн үлгүлүү алып жүргөн, тажрыйбалуу мугалимдерди дайындайт. Ал эми башталгыч класстарды окуткан ар бир мугалим каааласа, каалабаса да класс жетекчинин милдетин аткарат, ал эми 5-класстан баштап педагогикалык кеүешменин чечими менен класс жетекчи дайындалат.

Класс жетекчи – бул окуучулардын эң жакын кеңешчиси. Класс жетекчилик милдет мектептерде 30-жылдарда пайда болгон б.а. РСФСРдин Эл агартуу комиссариатынын 1931-жылкы көрсөтмөсүндө бекитилген. 1960 – жылы класс жетекчи жөнүндө жобо кабыл алынган. 1975-жылдан СССРдин Эл агартуу Министрлиги тарабынан класс жетекчи боюнча усулдук кат негизги документ болуп эсептелет [4].

Класс жетекчинин негизги ишмердүүлүгү анын окутуу-тарбиялоо милдеттерин, тарбиялоо принциптерин туура айкалыштыруусунан байкалат жана бааланат.

*Класс жетекчинин функцияларынын спектри төмөндөгү факторлор менен шартталган:*

1. Билим берүү мекемесинде окуу-тарбия процессинин уюштурулуу шарттары менен;
2. Окуу жайындагы жана класстагы тарбия системасынын өзгөчөлүктөрү менен;
3. Мектеп менен ата-энелердин валеологиялык мүмкүнчүлүктөрү менен;
4. Мектеп окуучуларынын психологиялык-куракттык өзгөчөлүктөрү менен;
5. Алардын тарбиялануу,уюштурулуу, окутулуу деүгээли, ден соолугунун абалы жана физикалык жактан өнүгүүсү, педагогдордун окутуудан тышкаркы иштерди уюштурууга карата даярдыгы менен;
6. Мындан сырткары класс жетекчилердин кызматтык функцияларынын фарианттары болушу мүмкүн, алар билим берүү мекемесинин уставы, мектептин өнүгүү программасы менен аныкталышы мүмкүн.

*Класс жетекчинин иштин негизги функциялары болуп төмөнкүлөр эсептелет:*

1. Окуучулардын илимий көз караштарын, нравалык сапаттарын калыптандыруу;
2. Класс коллективиндеги окуучулар менен уюштуруу – тарбиялык иштерди жүргүзүү жана окуучулардын коомдук активдүүлүгүн калыптандыруу;
3. Окуучулардын таанып билүү кызыгууларын, жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, сабактан жетишүүлүрөнүн сапатын жогорулатуу, кесипке багыт берүү иштерин жүргүзүү;
4. Мектеп окуучуларынын денесинин, тулку боюнун туура калыптануусуна жана ден соолугунун чыү болушуна кам көрүү;
5. Класс мугалимдери менен биргеликте окуу-тарбия иштерин координациялоо жана окуучуларга бирдей талап коюуну камсыз кылуу;
6. Окуучулардын ата-энелер менен тыгыз байланышта болуу жана мектеп менен үй бүлөнүн бала тарбиялоодогу биримдигине жетишүү.

Окуучулардагы чыныгы инсандык сапаттарды өнүктүрүү үчүн класс жетекчи ата-энелер менен биргеликте өз ара түшүнүүчүлүк менен төмөндөгүдөй мидеттерди чечүүгө тийиш:

- Социалдык милдеттер – инсандын өнүгүүсү үчүн үй-бүлө, мектептен тышкаркы уюмдар менен биргеликте балага жардам берүү, шарт түзүү;

- Диагностикалык милдеттер – тарбиялоо системасын туура уюштуруу максатында окуучулардын мүнөзүндөгү өзгөчөлүктөрдү, инсандык сапаттарды үйрөнүү;
- Тарбиялык милдеттер – окуучуларды тарбиялоо жана өнүктүрүү менен байланышкан;
- Профессионалдык милдеттер – окуучулар менен тарбиялык иштерди пландаштырууда тарбиялоонун технологияларынын жана педагогикалык каражаттардын эффективдүү жолдорун тандоо, ишмердүүлүктөрдү текшерүү;

Л.Н.Толстой: «Адамдар бири биринен айырмаланып турушат. Айрым адамдар адегенде жасайт, андан кийин ойлонушат. Ал эми кээ бирөөлөр адегенде ойлонушат, андан кийин жасашат. Адамдардын ишмердүүлүгү айбандардан алдын ала ойлонуп иш кылгандыгында. Демек, адам бир нерсени түзүүдө алдын ала ойлонот, пландаштырат» - деп айткан [5]. Бул таасын айтылган сөз класс жетекчилердин окуучуларды тарбиялоодо белгилеген максатты алдын ала ойлонуп, андан соң аны пландаштырууга үйрөтүү керектигинен маалымат берип турат.

Класс жетекчилер институту окуу имараттары пайда болгон мезгилден тарта б.а. 1934-жылдан баштап өкүм сүрүүдө. Жогоруда белгилегендей алгач класс жетекчи - бул бир класска гана эмес жалпы эле мектеп окуучуларына үлгү боло турган жүрүм-турумга ээ ошону менен катар эле бир класстын окуучуларынын окуу-тарбиялык абалына көзөмөл жүргүзүүчү жардамчы мугалимдин ролун аткаруучу болуп саналган [6]. Бүгүнкү күндө класс жекчилер институтунун структурасы да бир нече өзгөрүүлөргө ээ болууда:

- Класс жетекчи - предметчи - мындай мугалимдер өз ишмердүүлүгүн улантуу менен бирге (сабак берүү менен) класс жетекчилик жумушту да чогуу аркалагандар;
- Окуу процессинен бошотулган класс жетекчилер, б.а. бир гана класстын тарбиялык абалына гана көзөмөл жасоочулар;
- Класс куратору – класстын айрым багытына гана көзөмөл кылуучулар;
- Тьютер (жардамчы)- мугалимдердин ишмердүүлүгүндө класстагы окуучулардын таламын талашуучулар;

Класс жетекчинин ишмердүүлүгү төмөндөгүдөй багыттарга бөлүнөт:

- Тарбиялоочу ( мектеп окуучусун социалдык коргоого алуу)
- Уюштуруучулук (балдар личностунун калыптануусунун бардык аспектилерин педагогикалык көзөмөлгө алуу)
- Көзөмөлдөөчү (окуучулар менен окуучулардын, окуучулар менен мугалимдердин, мугалимдер менен ата-энелердин ортосундагы мамилелердин туруктуулугуна байкоо салат)
- Башкаруучулук (балдардын окуу-тарбиясына байланыштуу бардык документациялардын көзөмөлгө алат)

Көрүп жасаган адам билип жасагандай ийгиликке жете албагандай эле, билип жасаган адам көкүрөгү менен туюп жасаганчалык ийгилик жарата албайт. Бүгүнкү күндө башталгыч класс мугалимине ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоодо окутуп тарбиялоонун ар тараптуу ыңгайлуу ыкмаларын колдонуу талабы күч алууда. Класстан тышкаркы иштердин натыйжалуулугу мугалимдин көпчүлүк окуучулардын да, азыраак балдардан турган топтун да пикирине таасир эте алаарында турат. Кээде башталгыч класс мгалими класс жетекчи катары бир класстан тышкаркы заманбап иш чаранын жүрүшүндө жетишкен ийгиликке окуучу менен жекече иштөөдө жетише албайт. Башталгыч класс окуучулары үчүн теңтуштарынын пикири, тарбиялык таасири абройлуу чоң кишинин пикирине караганда манилүү болуп эсептелет [6]. Бул башталгыч класс мугалимдерин класстан тышкаркы иш чараларды уюштурууда уюштуруунун заманбап технологияларын өздөштүрүү боюнча кесиптик даярдыгын талап кылат:

- Мектеп окуучуларынын адептик-инсандык сапаттарын калыптандырууну, ар тараптан өнүгүүнү ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн көрсөтүлгөн бардык багыттар боюнча өз алдынча билим алууга болгон жөндөмдүүлүк зарыл;

- Кенже мектеп окуучуларын ар тараптан өнүктүрүү, адептик-инсандык сапаттарын калыптандырууда класстан тышкаркы иштердин заманбап формалары аркылуу тарбиялоо жакшы мүмкүндүк берет;
- Башталгыч класс мугалимдеринин илимий педагогикалык, социалдык таанымдык активдүүлүгүн жана кесиптик жактан өзүн - өзү өнүктүрүү иш аракеттерин стимулдаштырууга багытталган, инсан таламдуу класстан тышкаркы иштердин заманбап формасы болгон « жомок-терапия» технологиясын ишке киргизүү;

**Корутунду**

Элдик тарбиялоо тажрыйбаларын эске албастан, улуттук мүнөздөгү тарбияны калыптандырууга болбойт. Элдик ырым-жырым, каада-салт, улут байлыктары, улуттук, адептик нормалар, кыргыз элинин уул-кыздарды тарбиялоодогу өзгөчөлүктөрү, элдик мурастар, улуттук баатырлар, улуттук кол өнөрчүлүк, Манас эпосу, элдик оозеки чыгармалар, элдин адептик тарбия нормалары, көз караштары, идеалдары менен окуучуларды тааныштыруу мугалимдерди опол тоодой материалдар менен камсыздайт.

Демек, класс жетекчи – мектеп жетекчилиги тарабынан дайындалган, бир класстын тарбиялык абалын көзөмөлгө алуучу жана мектептин окуу-тарбия иштеринин алдыга жылуусуна салым кошкон негизги көз карандысыз уюштуруучу болуп эсептелет.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Айгүл Абдыманап кызы “ Класс жетекчинин ишмердүүлүгү” Таалим,2016, №1 (5), 54-б
2. К.Акматов. Тарбиялык сабактар. Бишкек-2018ж
3. К.Акматов. Класс жетекчинин маалыматнаамасы. Бишкек,2005, 200-б
4. К.Акматов. Класс жетекчинин тарбиялык иштери. Бишкеек, 2014,164-б
5. Классному руководителю о воспитательной системе класса Под ред. Е.Н. Степанова. М.: Педагогический поиск, 2001-ж.
6. Э. Мамбетакунов, Т.Сияев. Педагогиканын негиздери. Бишкек-2008, 125-138-б